**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**e-ISSN: 1694-8610**
№2/2023, 139-146

**УДК:** 37. 082
**DOI:** https://doi.org/10.52754/16948610_2023_2_17

# ТАРЫХЫЙ РОМАНДАР АРКЫЛУУ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ПАТРИОТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ШКОЛЬНИКОВ ЧЕРЕЗ ИСТОРИЧЕСКИЕ РОМАНЫ

PEDAGOGICAL CONDITIONS OF CITIZENSHIP EDUCATION OF SCHOOL STUDENTS THROUGH HISTORICAL NOVELS

**Курстанбек кызы Гулпери**
*Курстанбек кызы Гулпери*
*Kursantbek kyzy Gulperi*

**Окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*Преподователь, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
gkurstanbekovna@mail.ru

# ТАРЫХЫЙ РОМАНДАР АРКЫЛУУ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**Аннотация**

Бул макалада тарыхый романдар аркылуу мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоо. Бүгүнкү коомдун катастрофалык эң коркунучу бул жаштар, алар өз мекенин, жерин, тагдыр келечегин башка мамлекеттерде жашоо менен байланыштыруу аракеттеринен ачык байкалып, туруктуу тенденцияга айланып бара жатат. Бул коом экономикага байланыштуу убактылуу көрүнүш катары кабылдап, биз ага олуттуу маани бербей жатабыз. Бүтүндөй бир муундун көпчүлүгү өз келечегин чет мамлекеттен издеп, ошол мамлекеттин жарандыгын алууга негизги максат катары кабылдап жаткандыкттарын ачуу чындык катары кабылдоого аргазысбыз. Кыргыз коомунда окуучу жаштардын мекенге карата изги сезимдерин, ыймандык керектөөлөрүн, ынаным түшүнүктөрүн көндүм менен билгичтике айланган жүрүм –турумун калыптандырууга олуттуу ой чабыт жасап, реалдуу педагогикалык иш-чараларды ишке ашыруу өтө зарыл жана бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси катары айтылып келүүдө. Каралып жаткан бул макалада тарыхый чыгармалар адабият сабактарына ошондой эле бүтүн тарбия процессине таандык болуп жаткандыктан ошол эки локалдык чөйрөдө калыптанган окутуу, тарбиялоо методдорун, ыкмаларын биримдикте эске алууну шарттайт.

***Ачкыч сөздөр:*** тарбиялоо методу, тарыхый роман, тажрыйба жаратуу, мектеп чөйрөсү, мекенчилдикке тарбиялоо, окутуу методдору.

***Педагогические условия патриотического воспитания школьников через исторические романы***

**Аннотация**

В этой статье рассказывается о воспитании школьников патриотизма через исторические романы. Самую катастрофическую опасность современного общества представляет молодежь, которая становится перманентной тенденцией, проявляющейся в ее попытках связать свою родину, землю, судьбу с жизнью в других странах. Общество воспринимает это как временное явление, связанное с экономикой, и мы не придаем ему серьезного значения. Мы вынуждены принять как горькую правду то, что большая часть целого поколения ищет свое будущее в чужой стране, и главной целью они видят получение гражданства этой страны. В кыргызском обществе очень необходимо и актуально проводить практические педагогические мероприятия по развитию добрых чувств, религиозных потребностей, убеждений, поведения учащихся по отношению к Родине. Исторические произведения, рассматриваемые в данной статье, относятся как к урокам словесности, так и ко всему образовательному процессу, что обуславливает необходимость учета методов и приемов обучения и воспитания, сформировавшихся в этих двух локальных ареалах.

***Ключевые слова:*** воспитательный метод, исторический роман, творческий опыт, школьная среда, воспитание патриотизма, методика обучения.

***Pedagogical Conditions of Citizenship Education of School Students Through Historical Novels***

**Abstract**

This article is about educating schoolchildren about patriotism through historical novels. The most catastrophic danger of today's society is young people, which is becoming a permanent trend, evident in their attempts to connect their homeland, land, and destiny with life in other countries. Society perceives this as a temporary phenomenon related to the economy, and we do not give it serious importance. We are forced to accept it as a bitter truth that the majority of a whole generation is looking for their future in a foreign country, and they perceive it as the main goal to obtain the citizenship of that country. In the Kyrgyz society, it is very necessary and important to implement real pedagogical measures to develop good feelings, religious needs, beliefs and concepts of the youth towards the motherland, which become skills and knowledge. Historical works considered in this article belong to literature lessons as well as to the entire educational process, which makes it necessary to take into account the methods and methods of teaching and upbringing formed in those two local areas.

***Keywords:*** educational method, historical novel, creating experience, school environment, patriotism education, teaching methods.

**Киришүү**

Акыркы кезде кыргыз коомунда патриоттук аң-сезимдин, мекенди сүйүүнүн, урматтоонун салттуу дөөлөттөрү улам бошоңдоп, коом мүчөлөрүнүн көз караштарында, жаштарда, өзгөчө мектеп курагындагы балдар арасында, жүрүм-турумунда кайдыгерлик, эгоизм, индивидуализм илдеттери күч алып, мамлекетке жана анын социалдык институттарына карата сый-ызаатсыз мамиле тамыр жая баштаганы адистер тарабынан байма-бай айтылууда.

Педагогдордун бардык аракеттерине карабастан мекенчилдик түшүнүгү жаш жеткинчектердин жүрөгүнөн түнөк таппай келет. Ал турсун мектепте мекенчил балдарды патриот болгондугу үчүн шылдыңдап, алардын мекенди сүйүүгө багытталган ыйык сезимдерин тепселөө учурлары да кездешет. Коомдо аскердик, мамлекеттик кызматтардын кадыр-баркынын төмөндөшү туруктуу көрүнүшкө айланды.

Мектептерде мекенчилдикке, ата-мекенди сүйүүгө тарбиялоо ишин активдештирүүнү эң оболу эмнеден баштоо керек? Канткенде өсүп келе жаткан муундун аң сезиминде, жүрөк түпкүрүндө мекенге болгон ыйык сезимдер ойгонот деген суроо жаралбай койбойт.

Ошондой эле өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо улуттук адабияттын, маданияттын орду чоң. Бирок, азыркы кезде балдар адабиятынын абалы начар, окуу куралдары, китептер, балдарды мекенчилдикке тарбиялаган чыгармалар аз. Балдар батыштын, чыгыштын, ар кандай эч кандай тарбиялык мааниси жок, тасма, мультфилмдерин көрүп, эч кандай сындык тордон өтпөгөн чыгармалар менен көрөңгөсүн толтуруп жатат (С. Идирисов 2016).

Бул макалада тарыхый романдар менен мектеп окуучуларын азыркы заманда кантип тарбия бере алабыз деген суроо жаралат. Ал үчүн тарыхый роман боюнча кыскача түшүнүк берүүбүз абзел.

Тарыхый роман- сюжеттин казыгы катары өзгөрүлбөгөн чыныгы окуяларга жазылып алынган баяндоочу под жанр., чыныгы каармандарды ойдон чыгарылган элементтер менен колдоно жана айкалыштыра билүү.

Тарыхый роман адабиятчылар арасында көптөгөн талаш-тартыштарды туудурган түшүнүк. “Бир роман тарыхый болуш үчүн кандай критерийлерге ээ болушу керек?” деген суроонун тегерегинде талаш-тартыштар туулуп, түрдүү көз караштар айтылган. Тарыхый романдын аныктамасын негизинен Джон Уолтер Скоттун романдарынын негизинде берүүгө аракет кылышкан. Тарыхый роман, кандайдыр бир тарыхый доорду же тарыхый окуяны чындыкка жакындаштырып, көркөмдөштүрүп баяндаган романдын бир түрү (Halit Aslar, 2017: 114).

Тарыхый роман инсандардын портретин туура тартуусу керек. Бул, жазуучу баяндай турган доордогу маалымат, жазуучу менен материалдын байланышы жана жазуучунун максаты менен тыгыз байланышкан. Доордун социалдык-маданий түзүлүшү бир гана тарыхчыларга эмес, тарыхый роман жазган жазуучуларга да өз таасирин тийгизип, жазуучунун ошол эле убакта мыкты тарыхчы болуусу менен бирге, тарыхчылардын методун да мыкты билүүсүн талап кылат. Жазуучу муну менен бирге, чыгарманын адабий өлчөмүн да мыкты билүүсү зарыл. Ал тарыхый окуяны жакшылап изилдеп, чыгармасын романдын деңгээлине жеткирүүсү керек (Halit Aslar, 2017: 114).

Адабият менен тарых эки башка илим болсо да, кээ бир учурларда бири-бирине булак боло алат. Роман эстетикалык кайгы-капа жана адамдардын артыкчылыгынын продукциясы болуп эсептелет. Жазуучу тарыхый материалды өзгөртүп, кайрадан жазат. Натыйжада жапжаңы чыгарма пайда болот. Тарыхый чыгарма тарых менен сөзсүз түрдө төп келиши керек эмес. Адабият тарыхый окуяларды болгонун болгондой баяндап берүү деген түшүнүктү бере алат.

**Метод.** Баланы тарбиялоодо тарыхый романдагы каармандарды салыштыруу методду менен окуучунун патриоттук сезимин ойготуу. Андагы акыл-насааттардын берилгенин нуктап көрсөтө айтуу. Негизи балага таалим-тарбияны ата-энеси, мектеп, коомчулук бере алат. Адамдын адам болуп калыптанышы анын айлана-чөйрөсүнө, көргөн-өскөнүнө түздөн-түз байланыштуу. Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялоо заманбап жалпы билим берүүчү мекемелеринин гана башкы милдети эмес, коом тарабынан да жарандык таалим-тарбия берүү боюнча максаттуу иш жүргүзүү зарыл.

Андан сырткары “улутчулдук жана мекенчилдик деген түшүнүктөрдү кандайча айырмалоого болот” деген суроо жаралат. Ар бир улут, же ар бир адам өз мекенин, жерин жана улутун жакшы көрсө бул – мекенчилдик. Улутчулдар да айырмаланат жана улутчул деген мекенди сүйүү деген түшүнүктү берет. Мекенчил инсан өз улутун көбүрөөк сүйүш керек (С. Идирисов 2016).

**Анализ.** Тарыхый романдын келип чыгышы XX-кылымда, Европалык романтизм мезгилинде башталат. Вектор Хюго, Фонтан же Джеймс Фенимор Купер сыяктуу авторлордун колунан. Испан-Америка тарыхый романында Ана Гарсиа Херранц (2009) мындай деп белгилейт: “… Тармактагы конфигурацияга таянган эки кылымга жакын романдарды камтыйт, бирок алардын ортосунда формалдуу окшоштуктар аз сакталат; Улуттук эпизод жана испан-американын постмодерндик тарыхый роман айрыкча тарыхый роман жанрынын ичинде эки под жанрды түзүшү керек болгон сингулярдуулугу менен айырмаланат ”. Ал эми ушуга байланыштуу Курт Шпанг «Тарыхый роман өзүнүн гибриддик мүнөзүнө байланыштуу, белгилүү бир көйгөйдү көтөрөт, анткени ал катуу адабий чөйрөдөн чыгып, башкача айтканда, белгилүү деңгээлде жалпы адабий эмес оозеки байланыштарга катышат. Бирок ал таза тарыхнаама, ошондой эле таза баян же роман эмес: ал "көркөм адабият менен тарыхтын ортосундагы тыныгууну" түзөт деген. Мында жарым-жартылай - белгилүү бир абстракция деңгээли менен ойдон чыгарылбаган оозеки байланыштын түрү. Анда окуялар алкагы толугу менен расмий, документтештирилген жана жакшы колдоого алынган изилдөөлөргө негизделген. Роман жазуучунун көз карашына дал келгени менен, ойдон чыгарылган элементтер чыныгы окуялардын өзөгүнөн ашып түшпөшү керек. Өзгөчөлүгү болуп, бүгүнкү күндө тарыхый роман авторлору ар кандай формалдуу романдарга ылайыкташтырылган жетишерлик ийгиликтүү жанр болуп саналат.. Жалпы мүнөз катары, алар ар дайым бир доордун ичинде белгилүү мезгилди камтыйт. Демек, ал мета-фантастикалык жана популярдуу мүнөздөгү адабий шаймандар менен өткөндүн реалдуу проекциясын чагылдыруучулар (https://www.actualidadliteratura.com/ky/novela-historica/).

Кыргыз адабиятында айрыкча эгемендүүлүккө жетишкенден бери, жазылган тарыхый-биографиялык романдарда негизинен каармандар кыргыз элинин боштондугу үчүн күрөшкөн патриот адамдар. Алардын көбүнчөсү трагедиялуу аяктайт

же жакын досторунан азап чегет. Жөнөкөй адамдын образын жараткан мындай каармандардын көзгө урунган эң маанилүү жери – кыргыз элин жыйноо болуп саналат.

Жаңы кыргыз адабиятында роман жанрынын жаралышы 20-30-жж. туура келет. Кыргыз элинин оозеки адабияты абдан бай. Анын таасирин жаңы кыргыз адабиятынын калыптанышында да көрүүгө болот. Жаңы кыргыз адабиятынын бардык жанрында, атүгүл роман жанрында да оозеки адабияттын издерин байкоого болот. Оозеки чыгармалар ошентип, романдардын ичинде да орун алган. Аттокуровдун ою боюнча, кыргыз адабияты калыптана электе элдик оозеки чыгармалар эл арасына тараган. (Аттокуров, 1983: 116) Жазуучу Злобин болсо бул тууралуу өз оюн мындайча белгилеген: "Бир романист катары, тарыхый романдын негизги материалы элдик ырлар, легенда жана дастандар деп ойлойм." (Злобин, 1957: 173) Белгилүү адабиятчы жана сынчы К. Асаналиев болсо кыргыз адабиятынын булактарын мындайча баяндайт: "Кыргыз адабиятынын жаралышы жана калыптанышы негизги эки булакка таянат. Биринчиси, кыргыз элдик оозеки чыгармалары, экинчиси болсо, бай орус адабияты." (Мурзахмадова, 2010: 51) Ч.Айтматов да кыргыз адабияты орус адабиятынын негизинде көптөгөн ийгиликтерге жетишкенин белгилеп, муну менен бирге башка түрк элдеринин адабияттарынан да пайдаланылгандыгын жана мунун туура экендигин жазуучулар жалгыз гана орус тилин эмес, башка боордош түрк элдеринин тилдерин да үйрөнүшү керектигин белгилеген (Айтматов, 1985: 11).

Кыргыз адабиятында тарыхый роман түрү, бардык бул тоскоолдуктарга карабай, 1960-ж. күч ала баштаган. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел-кел», Т.Сыдыкбековдун «Тоо балдары», А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар», К.Баялиновдун «Боордоштор», Н.Байтемировдун «Тарых эстелиги» жана «Жылдызкан», К.Каимовдун «Атай», С.Өмүралиевдин «Телегей», З.Бектеновдун «Таабалды Пудовкин» сыяктуу чыгармалары алгачкы тарыхый жана биографиялык романдардын арасында орун алган. Кыргыз жазуучулары чыгармаларын жаратууда коңшу элдердин адабиятынан таасирленген. 1960 жана 1970-жылдар кыргыз тарыхый романы үчүн өтө маанилүү. Ал эми жалпы Совет адабиятында болсо, бир топ тарыхый роман мурда эле жазылганын көрүүгө болот. Кыргыз тарыхый романы да бул жылдары атак-даңкка ээ болуп, келечекке кадам таштаган.

1991-ж.кийин, башкача айтканда Кыргызстан эгемендүүлүгүн колго алгандан кийин башка тармактардагыдай, тарыхый роман түрүндө да жазуучулар эгемендүүлүккө ээ болгон жана айрыкча тарыхый-биографиялык романдар жазыла баштаган. "Манас" дастаны менен дүйнөнү дүңгүрөткөн кыргыздардын оозеки адабияты абдан бай болгон. Ошондуктан кыргыз жазуучулары тарыхый романдарында оозеки адабиятта орун алган мотивдерден пайдаланышкан. Култаеванын ою боюнча, санжыра, түш көрүү, керээз, от жагуу, кошок, аш берүү, хан көтөрүү, легенда, дастан сыяктуу мотивдер романдардын бардык түрүндө колдонулат. Бирок, башка романдарда негизинен чыгарманын идеялык проблематикасы үчүн, тарыхый романдарда болсо, пайдубалы катарында колдонулган. (Култаева, 2007: 79) Кыргыз тарыхый романдары негизинен бири-бирине окшош жазылган. Алардын темалары да бирдей болгон. Мисалы, Кокон, Кытай жана Россиянын кысымында калган түндүк жана түштүк кыргыздардын 19-к. орто чениндеги жашоо-турмушу, ошол доордо жашап өткөн тарыхый инсандар, 1916-ж. Үркүн сыяктуу окуялар бир топ жазуучунун кыл калеминен өткөн. Жазуучулардын көз караштары ар түрдүү болгондуктан, окуялар ар түрдүү. Кээде,

авторлор тарыхый инсандарды сүрөттөөдө аларга болгон жеке оюн колдонушкан: Мисалы,

Т. Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел-кел» тарыхый романдарында кыргыз элинин улуттук тарыхындагы өзүнчө бир доор - Кокон хандыгы мезгилиндеги элдин коомдук абалын көркөм сүрөттөгөн тарыхый роман. Бул романда 1801- жылдан баштап 1876 - жылга чейинки элдин башына келген окуяларды чагылдырылган. Ошол кездеги каармандардын кайгы-муңдарына, ырыс-бакыттарына санаалаш, сырдаш болуп, болгон сезимиң менен берилип, алардын жандашы образына кире кетесиң. Бул чыгарманы улутун сүйгөн ар бир кыргыз окушу керек. Чыгармада 10дон ашык хандын, даткалардын, баатырлардын, душмандардын, саткындардын, эки жүздүүлөрдүн образдары берилген. Бул чыгарманы кыргыздардын эң кенен тарыхый архиви десек аша чаппастырбыз.

Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» романында кыргыз балдар адабиятындагы туңгуч романда жеткинчектерди мектептеги жана үй-бүлөдөгү турмушу, билим алуусу, келечек жөнүндөгү ой-пикирлери көрсөтүлөт. Негизги окуялар алдыңкы окуучу Аскар менен кичинекей Динардын, тентек Орусбектин, эски заманда калыптанган Омор карыянын жана мугалимдер Сабыр, Нина Леонтьевна, Сейитовалардын тегерегинде өнүгөт. Жакшы окуган, коомдук иштерге активдүү катышкан, көптү билүүгө ынтызар өспүрүмдүн образы романда Аскар аркылуу берилет. Ал эми Динардын бейнеси балалык кылык-жоруктары менен кызыктырат.

А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы кыргыз элинин 1916-жылдын падышалык Россиянын жана жергиликтүү бийлөөчү таптын эзүүсүнө каршы чыккан улуттук-боштондук көтөрүлүшүн так, таамай өтө элестүү чагылдырылган. Башкача айтканда, роман жанрдык жактан тарыхый чыгарма. Чыгармада көтөрүлүштүн жүрүшүн, чыгуу себептерин, элдин оор социалдык абалын, андан негизги кыймылдаткыч күчтөрдү көрсөткөн, ыр менен жазылган кыргыз жазма адабиятындагы алгачкы роман.

Жогоруда көрсөтүлгөн тарыхый чыгармаларды мектепте жеткиликтүү окутууда мугалимден да көп изденүүнү, чыгармачылыкты талап кылат. Мында, окуучуларды Ата Мекенди, эл жерди, тынчтыкты сүйүүгө чакыруу, башка улуттар менен өз ара ынтымакта жашоону үйрөтүү, көз карандысыз жашоонун, адам эркиндигигинин, тең укуктуулгунун артыкчылыктарын жүрөк сезими менен терең аңдап түшүнүүгө басым жасоо.

Адабият сабагында окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо окуучулардын аң сезимине таасир этүүдөн башталат. Аң сезимге таасир этүүчү методдор төмөнкүдөй бир катар тарбиялык функцияны аткарат:

- туура моралдык түшүнүктөрдү, ишенимдерди, көз караштарды калыптандырат;
- окуучунун аң сезимин моралдык теория менен толуктайт;
- окуучуну өзүнүн тажрыйбасын, аракеттерин, жүрүм турум, жорук жосундарын жалпылоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылат;
- өзүнүн жоруктарын адекваттуу баалоосуна шарт түзөт. Окуучулардын мекенчилдик сезимдерин, ишеним ынанымдарын өнүктүрүүдө адабият чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгү өзгөчө мааниге ээ эмес. Кеп чыгарманын кандай жанрда болгонунда эмес анын балдардын аң-сезимине адамдын эң

башкы милдети мекенине ак кызмат кылуу деген ыйык түшүнүктүн орношуна өбөлгө болгонунда (Таирова К.А., 2020)

О. Мандельштам романдын чеги тууралуу сөз кылганда мындай ой пикирин айткан: Романдын мындай чеги – “жекече тиричилик кылуунун формасы катары” адамдын өмүр баяны. Көпчүлүк эпикалык чыгармалардын өзгөчөлүгү – “жекече тиричилик кылуунун формасын” ишке ашыруу. Мындай нерсе адамдын педагогикалык таанып билүүчүлүгү, тарбиялоонун механизмдерин түшүнүүгө, жеке бир адамдын же болбосо өзүн-өзү таанып билүү жана окшоштуруу жолдору аркылуу бүтүндөй бир муундун өсүшү үчүн көркөм чыгармаларды баалуу нерсеге айландырат. Тарыхтан айрым учурда кандайдыр бир чыгармалардын каармандарынын өрнөктүү жоруктарына шыктанып ошондой болууга реалдуу аракет жасаган фактыларды да кездештирүүгө болот.

Өткөн доордогу тарыхый чыгармалар балдардын турмуштук көз карашын калыптандырууга, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, сөз байлыгын арттатырууга жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан эгемендүү болгондон кийин жазылган тарыхый-биографиялык романдар адабий жана техникалык каталарга ээ болсо да, авторлор совет режими урагандан кийин кандайдыр бир тарыхый чындыкты окурманга сунуп, ошол убакта ак жерден каралаган тарыхый инсандарды эч болбосо адабият дүйнөсүндө актоого аракет кылышканы өтө маанилүү. Бул эгемендүүлүгүн жаңы колуна алган Кыргызстан сыяктуу жаш мамлекеттин улуттук аң-сезиминин ойгонушуна өбөлгө болуу менен ар бир баланын аң сезимине мекенди сүйүүнү, патриоттулук сезимдерди ойготуу менен гана улуттун келечеги тууралуу сөз кылууга болот. Өсүп келе жаткан муунга чыныгы улуттун руханий баалуулуктарын, тарых, улуттук адабият, маданият аркылуу сугаруу жолу менен гана туура тарбия берилгенде улутун, мекенин, тилин, дилин жана ата-бабасы тутунган динин саткан жарандардан коомду сактай алабыз. “Мамлекет мен үчүн эмне кылды дебестен, мен мамлекет үчүн эмне кылдым” деген суроо менен ар бир жаран Мамлекетти түптөөгө салым кошуусу мезгил талабы!

Ошону менен бирге бүгүнкү күндө билим берүү системасында адабий тарыхый чыгармаларды, жогорку интерактивдүү окутуу методун пайдалануу аркылуу жаштарды, жаш муундарды жарандык жоопкерчиликке жана сабырдуулукка тарбиялоо, өткөнкү тарых менен азыркы учурдун проблемаларын туура аңдап түшүнүүгө үйрөтүү болуп саналат.

**Адабияттар**


1. Таирова К.А. (2020) Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо процессин практикалык-технологиялык жактан камсыздоо Наука, новые технологии и инновации кыргызстана, № 10, 241-бет, Бишкек.
2. Halit AŞLAR (2017) Кыргыз тарыхый романистикасы тууралуу жаңы табылгалар Manas Journal of Social Studies Vol.: 6 No: 1 114- 122 бет, Бишкек.
3. Аттокурова Т. (1983). Уроки фолклора. Литературный Кыргызстан. No: 3
4. Култаева У. (2007). Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык озгочолугу, Бишкек.

5. Айтматов Ч. (1985), Национальные истоки и проблемы взаимосвязей современных советских литератур, в.кн., Закономерности развития новописменных литератур и проблемы социалистического реализма, Фрунзе, Илим.
6. Злобин С.О., О моей работе над историческим романом, в к. Советская литература и вопросы мастерства, М. Советский писатель, Vıp 1 1957, 173-б.)
7. Мурзахмадова Г.М. (2010)., Историческая романистика Т.Касымбекова и ее место в развитии жанра, дис.,
8. Умарова Р., Курманбекова Э. (2020) Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. №1(51) 37-бет, Бишкек.
9. Идирисов С. (2016), Кыргыз маданият борбору. Бишкек. https://kmborboru.wordpress.com

**Интернет булактар**

1. https://www.actualidadliteratura.com/ky/novela-historica/
2. Булак: https://students.com.kg/?p=198
3. Булак: https://students.com.kg/?p=356